# "СҮЙҮҮ БАКЫТ АПКЕЛЕТ"

Сөзү: Шайлообек Дүйшеев

Обону: Каныкей Эралиева

Тагдыр сен жолоочусуң,

Өмүр өтөт карабай.

Өтөт баары, калат сүйүү,

Бир гана сагыныч тарабай.

Кайырма:

Сүйүү гана үмүт берет,

Жалгыздарга таалай, бак берет.

Сүйүү гана бул жашоодо,

Бизге бакыт апкелет.

Табасың сен таалайыңды,

Жүрөк күтүп самаган.

Махабат сылайт маанайыңды,

Эңсетип жолун күндө караган.

Кайырма:

Аккуу болуп сызат жылдар,

Биз баскан жол кайда такалат?

Эки жээкти туташтырар,

Жалгыз гана махабат.

Кайрма:

Түгөйсүз куш алыс учпас,

Келет үмүт жол улап.

Чырагың жанат чыдагын аз,

Чын сүйүү сага жолугат.